ТӨЛӨЙКӨН ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

ТОЛОЙКОНСКАЯ ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

723300 Кара-Суу ш., Ж.Аматов к. 2
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Ж.Аматова 2
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын отурумунун**

**№9 Чечими**

2021-жылдын 4-декабры Кара-Суу шаары

Кара-Суу АШКнын төрагасы – Мойдунов Т.,

Кара-Суу АШКнын катчысы – Абдраимова Э.

Мүчөлөрү: Карабаев Т., Минбаева Г., Кубатбек у А., Аттокуров М., Кайратбекова А., Сатвалдиев Б., Абдуллаева Н.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. “Коомар медиа” коомдук фондунун кайрылуусу боюнча.

1-маселе: Угулду: Төлөйкөн ОШКнын төрагасы Т.Мойдунов: 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө “Коомар медиа” коомдук фондунан кайрылуу келип түшкөн, атап айтканда, №5459 добуш берүүнүн купуялуугу сакталган жок, бир кабинада эки шайлоочу добуш берди, АЭУ аппаратынын жанында адам турду деп көрсөтүлгөн.

№5459 шайлоо участогунун төрагасынан түшүнүк кат алынды, ал өз түшүнүк катында добуш берүү купуялуулукту сактоо менен өткөрүлдү, АЭУ аппараты бир аз убакытка иштебей туруп калган, адамдар чогулуп калды деп билдирген.

Жогорудагылардын негизинде №5459 шайлоо участогунун төрагасына эскертүү берилсин деген сунуш добушка коюлду.

**Макул - 9, Каршы – жок.**

Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясы өз ара талкуулап

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. №5459 шайлоо участогунун төрагасына эскертүү берилсин.
2. Чечимди аткаруу жагы Төлөйкөн ОШКнын катчысы Э.Абдраимовага милдеттендирилсин.

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Мойдунов Т.**

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын катчысы** **Абдраимова Э.**